**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**

**“КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**

**УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**29-август 2024-жыл № 2** **Совет айылы**

**Кеңеш айыл аймагындагы калктуу конуштарынын ички жолдорунун кызыл сызыгын аныктоо жөнүндө.**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 28.08.2024-жылдагы № 01-17/834 сандуу катындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба агенттигинин 2015-жылдын 31-декабрынадгы 1-нпа Кыргыз Республикасынын аймагындагы шаарларда, калктуу конуштарда кызыл жана башка сызыктарды долбоорлоо жана белгилөө тартиби жөнүндө жобосун бекитүү жөнүндөгү Жобосунун 4.2. жана 4.6. пунктарына ылайык Кеңеш айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз VIII-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл аймагындагы калктуу конуштарынын ички жолдорунун кызыл сызыгын аныктоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба агенттигинин 2015-жылдын 31-декабрынадгы 1-нпа Кыргыз Республикасынын аймагындагы шаарларда, калктуу конуштарда кызыл жана башка сызыктарды долбоорлоо жана белгилөө тартиби жөнүндө жобосун бекитүү жөнүндөгү Жобосунун 4.2. жана 4.6. пунктарына ылайык бекитүү жагы жактырылсын.

2. Токтомдун аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Н.Турдукуловко жана жер адис С.Мамбеталиевке милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү” Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Б.Матишовко, А.Азимбаевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Ш.Канполотов**